*Чыгыш №* 27
29-*ноябрь, 2025-жыл*

**БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ТӨРАГАСЫ Т.У.ШАЙНАЗАРОВГО**

**№1 ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ТӨРАГАСЫ А.Т.БЕРДИЕВГЕ**

**№1-шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Ажибаев Чынгыз Ильяскожоевичтин Шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Мурзаев Мурза Абдусаитовичтен**

*Дареги: Баткен облусу, Лейлек району, Раззаков шаары,* [redacted]
*Телефон номери:* [redacted]
*Эл.почта.* [redacted]

## АРЫЗ

Менин Сизге арыз жазып кайрылуумдун себеби төмөндөгүчө.

Мен, №1-шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Ажибаев Чынгыз Ильяскожоевичтин Шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катары, үгүт иштерин жүргүзүүдө бир катар шайлоо мыйзамдарын одоно бузуу фактылары жөнүндө төмөнкүлөрдү билдиремин:

№1-шайлоо округунан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер И.Жороевдин үгүт материалы (плакат) Раззаков-Ош авто жолунун боюнда (болжолдуу Кара-Булак айылынын батыш тарабында) орнотулган жарнамалык конструкцияда мыйзамсыз орнотулгандыгы жана эч кандай келишим түзүлбөгөндүгү жөнүндө маалымат пайда болду.

Жогоруда айтылгандарга таянып, Сизден төмөнкүлөрдү

## ӨТҮНӨМ:

1. Жогоруда баяндалган иштерге мыйзам чегинде иликтөө жүргүзүүнү жана мыйзам чегинде чара көрүп берүүнүздү;
2. Бул арыз боюнча текшерүү жүргүзүп, жыйынтыгы жана көрүлгөн чаралар тууралуу мага жазуу жүзүндө жооп берүүнү.

*Тиркелет:*

1. *М.А. Мурзаевдин паспотрунун көчүрмөсү – бир баракта;*
2. *Шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн Каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү – бир баракта.*
3. *Аталган үгүт материалынын сүрөттөрү;*

**Талапкердин Шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү** ____________________/**М.А. Мурзаев**